| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>КАРГАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ<br><br>721500 Казарман айылы, Ж.Акимбаев көчөсү №81<br>тел:(03738) 5-02-50 | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>КАРГАЛЫКСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br><br>721500 с. Казарман, ул Ж.Акимбаева № 81<br>тел:(03738) 5-02-50 |

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясынын**

**Т О К Т О М У**

15-май 2023 - жыл №28 Казарман айылы

**Көчөгө ат коюу боюнча**

Каргалык айылдык кеңешинин “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы Мамырова Каныш Мөкүшовнанын маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.08.2008-жылдагы № 467 токтомуна жана Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясы**

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Каргалык айыл аймагынын Казарман айылынын мурдагы Тоголок Молдо көчөсүнүн тургуну Б.Кашкариевдин үйүнөн баштап, Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолуна чейинки аралыкта жашаган тургундардын көчөгө ат коюу боюнча өткөрүлгөн жыйынынын протоколу бекитилсин.
2. Каргалык айыл аймагынын Казарман айылынын мурдагы Тоголок Молдо көчөсүнүн тургуну Б.Кашкариевдин үйүнөн баштап, Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолуна чейинки аралыкта жайгашкан үйлөргө маркум Бексултанов Абдылкарынын ысымы ыйгарылсын.
3. Каргалык айыл аймагынын Казарман айылындагы Б.Кашкариевдин үйүнөн баштап Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолуна чейинки аралыктагы мурдагы Тоголок Молдо көчөсү “Бексултанов Абдылкары атындагы” көчө болуп өзгөртүлсүн.
4. Жогорудагы көчөнүн жаңы аталышын жаздырып, катар үй номерлерин койдуруу, маркумдун баласы жеке ишкер Бексултанов Ишенакун Абдылкариевичке милдеттендирилсин.
5. Казарман айылынын тургуну Б.Кашкариевдин үйүнөн баштап, Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолу менен кошулган жердеги жолго арка куруу, Б.Кашкариевдин үйүнөн баштап Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолуна чейинки аралыктагы жолдун күн чыгыш тарабына тротуар салуу жана заманбап эс алуу жайын салуу жагы маркумдун уулу Бексултанов Ишенакун Абдылкариевичтин өз каражатынан демилгеленип жаткандыгы белгиленсин.
6. Бул токтом сайтка жарыяланган күндөн баштап, демөөрчү тарабынан иш-аракеттер жүргүзүлө тургандыгы көрсөтүлсүн жана бул иштерди быйылкы жылдын аягынан

калтырбай бүткөрүү жагы Бексултанов Ишенбек Абдылкариевичке милдеттендирилсин.

7. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.org.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.
8. Бул токтомду аткаруу Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Артыкбаевге милдеттендирилсин.
9. Бул токтомду көзөмөлдөө “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы Мамырова Каныш Мөкүшовнага милдеттендирилсин.

**Каргалык айылдык Кеңешинин төрагасы: Т.И.Токтоболотов.**